DOI: https://doi.org/10.69722/1694-8211-2024-59-302-307
УДК: 801.81

***Асанбаева А. А***., *магистрант*
*e-mail: aiperiasylbekovna6@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-3067-7163*
***Бекболотова К.,*** *магистрант*
*e-mail: kasietbekbolotova00@gmail.com*
*К. Тыныстанов ат. ЫМУ*
*Каракол ш., Кыргызстан*

## “МАНАС” ЭПОСУНДАГЫ ИТААЛЫ АРХАИКАЛЫК МИФТИК-ЖОМОКТУК БИОЛОГИЯЛЫК ТҮШҮНҮК КАТАРЫ

*“Манас” эпосу көп катмарлуу энциклопедиялык мазмуну аркылуу улуттук рухий мурастардын арасында өзгөчө орунда турары жалпыга маалым. Эпостогу кыйла чоң кызыгуу жараткан маселелердин катарында кыргыз элинин биологиялык түшүнүктөрү, көз караштары олуттуу мааниге ээ. Анткени эпостун структурасында биологиялык түшүнүктөр, аталыштар жана образдар, анын ичинде эң байыркы доорлорго тиешелүү архаикалык мифтик-жомоктук биологиялык түшүнүктөр да арбын учурайт. Андагы мифтик-жомоктук биологиялык түшүнүктөрдүн бири болуп Итаалы эсептелет. Башы иттикиндей, денеси адамдыкындай болгон биологиялык жандыктар “Манас” эпосунда гана кездешпестен, алар тууралуу уламыштар, мифтер, жомоктор дүйнөнүн түрдүү элдеринин: индиялыктардын, египеттиктердин, славян, сибирь элдеринин, монголордун, ж. б. фольклорунда кезигет. «Манас» эпосундагы Итаалынын сыпатталышы аларда чагылдырылган ит баштуу адам сымал жандыктардын образдарына шайкеш келишин байыркы адамдардын дүйнөтаанымындагы жалпылыктар менен байланыштуу кароого болот.*

***Түйүндүү сөздөр:*** *“Манас” эпосу, рухий мурас, биологиялык түшүнүктөр, мифтик-жомоктук биологиялык түшүнүктөр, Итаалы, биологиялык жандык, ит баштуу, дүйнөтааным.*

***Асанбаева А. А***., *магистрант*
*e-mail: aiperiasylbekovna6@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-3067-7163*
***Бекболотова К.,*** *магистрант*
*e-mail: kasietbekbolotova00@gmail.com*
*ИГУ им. К. Тыныстанова*
*г. Каракол, Кыргызстан*

## ИТААЛЫ В ЭПОСЕ “МАНАС” КАК АРХАИЧЕСКОЕ МИФИЧЕСКО-СКАЗОЧНОЕ БИОЛОГИЧЕСКОЕ ПОНЯТИЕ

*Общеизвестно, что эпос "Манас" благодаря своему многослойному энциклопедическому содержанию занимает особое место среди национального духовного наследия. Среди вопросов, представляющих наибольший интерес в эпосе, большое значение имеют биологические понятия, взгляды кыргызского народа. Ведь в структуре эпоса много биологических понятий, имен и образов, в том числе архаичных мифическо-сказочных биологических понятий, относящихся к древнейшим эпохам. Одним из мифическо-сказочных понятий среди них является Итаалы. Биологические существа с головой собаки и телом человека встречаются не только в эпосе “Манас”, они встречаются в фольклоре, в легендах, мифах, сказках разных народов мира: индийцев, египтян, славян, сибирских народов, монголов и др. Соответствие описаний Итаалы в эпосе "Манас" изображенным в них образам человекоподобных существ с собачьей головой можно рассматривать в связи с общностью в мировоззрении древних людей.*

**Ключевые слова:** *эпос "Манас", духовное наследие, биологические понятия, мифо-сказочные биологические понятия, Итаалы, биологическое существо, песиглавый, мировоззрение.*

**Asanbayeva A. A.,** *undergraduate student*
*e-mail: aiperiasylbekovna6@gmail.com*
*ORCID: 0009-0009-3067-7163*
**Bekbolotova K.,** *undergraduate student*
*e-mail: kasietbekbolotova00@gmail.com*
*K. Tynystanov Issyk-Kul state university*
*Karakol, Kyrgyzstan*

## ITAALY IN THE EPIC “MANAS” HOW ARCHAIC MYTHICAL IS A FABULOUS BIOLOGICAL CONCEPT

*It is well known that the epic "Manas", due to its multi-layered encyclopedic content, occupies a special place among the national spiritual heritage. Among the issues of greatest interest in the epic, biological concepts and the views of the Kyrgyz people are of great importance. After all, there are many biological concepts, names and images in the structure of the epic, including archaic mythical and fabulous biological concepts belonging to the most ancient epochs. One of the mythical and fairy-tale concepts among them is Itaals. Biological creatures with the head of a dog and the body of a human are found not only in the epic ‟Manas”, they are found in folklore, legends, myths, fairy tales of different peoples of the world: Indians, Egyptians, Slavs, Siberian peoples, Mongols, etc. The correspondence of the descriptions of Itala in the epic "Manas" to the images of humanoid creatures with a dog's head depicted in them can be considered in connection with the commonality in the worldview of ancient people.*

**Keywords:** *epic "Manas", spiritual heritage, biological concepts, myth of fabulous biological concepts, Ideals, biological being, dog-headed, worldview.*

Кыргыз рухунун туу чокусу катары саналып, мезгил бүктөмдөрүндө калган далай кылымдардан бери жашап келе жаткан «Манас» эпосу элибиздин узак жана түмөн түйшүктүү тарыхын, кайталангыс каада-салтын жана дүйнөтаанымын, адамдык нарк-насили менен жашоо философиясын, күрөштөрү менен үмүт-тилектерин, кыскасы, көп кырдуу, татаал ички жана сырткы жашоо-турмушун бөтөнчө көркөм эстетикалык формада баян этип, нечендеген доорлордон бери эл оозунан түшпөй, айтылып келе жатат. Ал көп катмарлуу энциклопедиялык мазмуну, көп сандагы образдары, элдин тарыхы, социалдык-рухий жана материалдык турмуш-тиричилиги, дүйнөтаанымы менен ажырагыс байланышы, көркөм-эстетикалык кунары аркылуу улуттук рухий мурастардын арасында өзгөчө орунда турары талашсыз. Аталган сапаттарынын аркасында улуу эпос өткөндүн рухий мурастарын өздөштүрүүгө, элибиздин улуттук өзүн өзү таанып-билүүсү, курчап турган айлана-чөйрөнү, жандуу жана жансыз дүйнөнү таанып-билүүгө материал болуусу жагынан да баа жеткис казына болуп саналат. Эпостогу рухий дөөлөттөрдүн катарында кыргыз элинин биологиялык түшүнүктөрү, көз караштары олуттуу мааниге ээ. Анткени качан жаралганы тууралуу маалыматтар такталбай, али да түрдүү түкшүмөлдөр айтылып келе жаткан эпостун тулкусунда флора жана фаунага байланышкан биологиялык түшүнүктөр, аталыштар жана, атүгүл, образдар, анын ичинде эң байыркы доорлорго тиешелүү архаикалык мифтик-жомоктук биологиялык түшүнүктөр да арбын учурайт.

Мындай түшүнүктөр, негизинен, жомоктук-мифологиялык жана диний өңүттө, кээде синкреттик формада учурап, согуштук жана жай турмуштук окуяларды, элдин жашоо-тиричилиги, үрп-адаты жана каада-салты, курчап турган дүйнөгө, ааламга жана адамга болгон көз караштары, жаратылыштагы башка жандуулар, көрүнүштөр,

кубулуштар ж. б. менен алака-мамилесин чагылдырган окуяларда, эпизоддордо, образдарда орун алган. Архаикалык катары саналган мифтик-жомоктук биологиялык түшүнүктөр жана образдар кыргыздардын эң байыркы доорлордогу дүйнөтаанымы, дүйнөкөрүмү, философиясы, турмуш-тиричилиги, жаратылышка болгон мамилеси, диалектикалык түшүнүктөрү, ишеним-көз караштары, чарбалык, медициналык, географиялык, биологиялык ж. б. билимдери жана тажрыйбалары тууралуу баалуу маалыматтарды бере алат. “Манастын” тарыхый мааниси, көркөм эпикалык чыгарма катары жалпы мүнөзүнө казак окумуштуусу Чокан Валиханов өз убагында туура баамдап, так илимий аныктама берген: “...бир убакытка келтирилген жана бир адамдын – Манас баатырдын айланасына топтоштурулган кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламыштарынын энциклопедиялык жыйнагы... Бул эбегейсиз залкар эпопеяда кыргыздардын турмушу, салты, географиясы, диний жана медициналык түшүнүктөрү жана эл аралык мамилеси орун алган”.

Эпостогу мифтик жана жомоктук биологиялык түшүнүктөр маселесинде төмөнкү жагдайды көңүлгө алуу керек деп эсептейбиз. Дүйнө элдеринин фольклорунда, анын жөө жомок сындуу түрүнөн тарта зор эпикалык чыгармаларга чейин миф жана жомоктордо мотив, сюжет, образ ж. б. боюнча үндөштүктөр, окшоштуктар арбын болуп, мунун себеби жалпы эле адам баласынын дүйнөтаанымы жана ойлоосундагы, сезим-туюмдары жана элес-кыялдарындагы жалпылыктар менен шартталат. Ошондуктан кайсы бир жомок же миф бир элден экинчисине, андан үчүнчүсүнө өтүп, ошол элдин социалдык-маданий, көркөм-рухий өзгөчөлүктөрү менен коштолуп, кайра көркөм жасалгага дуушар болуп, акырындап өздүк менчигине айланып кетет. Себеби мифте да, жомокто да элдин тарыхы, конкреттүү улуттук бөтөнчөлүктөр дээрлик орун албайт да, улуттук түр-түспөлдөн өтө алыс турган чарпындылары гана сакталат. Миф менен жомокто жалпы эле “адам” аттууга мүнөздүү кыял чабыты оргуштап турат, жалпы эле адам турмушунда ал жаралгандан бери кошо жашап келген жакшылык менен жамандыктын күрөшү, түркүн ой-сезимдер менен кылык-жоруктардын кеңири палитрасы чагылдырылып, жалпы адам жана аалам, адам жана табият, алардын карым-катышы тууралуу маселелер коюлат. Ушул өңүттөн алганда, “Манас” эпосундагы мифтер менен жомоктордун кыргыздарга такай жанаша жашап келген түрк-монгол элдеринен тарта алар эч убакта карым-катышта, алакада болбогон шумер, грек элдериндеги ушул жанрдагы чыгармалар менен окшошуп калуусу таң каларлык деле көрүнүш эмес. Маселен, “Манастагы” жалгыз көздүү дөө тууралуу сюжет, Акшумкар, Кумайык, Желмаян, Итаалы ж. б. биологиялык түшүнүктөр менен байланыштуу жомоктук-мифтик сюжеттер Сибирь жана Орто Азия элдеринин фольклорунда кезигерин изилдөөчүлөр белгилеп жүрүшөт.

Улуу эпосубуздагы мифтик-жомоктук биологиялык түшүнүктөрдүн бири болуп Итаалы эсептелет. Белгилей кетүүчү жагдай: бул окуя манасчы С. Орозбаковдун вариантына гана таандык. Ал Кутубий атып өлтүргөн жалгыз көздүү дөө Адамдүк тууралуу окуянын уландысындай таасир калтырат. Бирок бул эпизод толук баяндалган өзүнчө жөө жомоктук сюжетти түзүп турат. Анын жалгыз көздүү дөө тууралуу сюжетттин композициялык жактан уландысы сыяктуу таасир калтырышы дөө жөнүндөгү окуяга катышкан каарман Жайнактын баян кылышынан улам пайда болгон. Анткени жалгыз көздүү дөөнүн үңкүрүнөн туткундан бошотулган токсон эки кишинин бири болгон Жайнак ошол дөөгө колго түшкөнгө чейинки өзүнүн башынан өткөргөн дагы бир укмуштуу окуясын баян кылып берет.

«Манас» эпосунун сюжеттик курамындагы бул эки башка типтеги жомоктук-мифологиялык сюжеттердин бир бөлүмгө киргизилишинин да өзүнчө мыйзам

ченемдүүлүктөрү бар десек болот. Академик В. М. Жирмунский алтайлыктардын фольклордук материалдарынын ичинде «Манас» эпосундагы жогорудагы мифологиялык сюжеттердин версиясын келтирип, мындай пикирин билдирген: «В прочих среднеазиатских версиях наблюдается тот же процесс сплетения сказочного сюжета с другими сюжетами местного и международного происхождения. Алтайский вариант «Аносского сборника» соединяет рассказ об ослеплении одноглазого великана, носящего здесь странным образом прозвище Киргис, с преданием о песиглавцах, т. е., людях с собачьими головами (нохой-артыны – «люди-собаки»). Жены песиглавцев – красивые женщины, имеющие человеческий облик. Одноглазый Киргис враждует с песиглавцами и пожирает их. Герой, ослепив людоеда и спасшись из его пещеры, обычным спососбом, в шкуре убитого барана, попадает в страну песиглавцев. Которые в благодарность за избавление выбирают его своим ханом и дают ему красивую жену; но он забрав жену и баранов, возвращается на родину» [3, 220-221-бб.].

В. М. Жирмунский славян элдеринин кээ бирлеринин (украин, хорват, словак, болгар) фольклорунда жалгыз көздүү дөө «итбашы» аталарын маалымдап, жалгыз көздүү дөө менен итбашы жөнүндөгү жомоктук-мифологиялык сюжеттер бирге байланыштырылып айтыларын көрсөтүп, алардан мисал келтирген.

Ал эми С. Орозбаковдун вариантына таандык окуянын кыскача мазмуну төмөнкүчө: Жайнак күндөрдүн биринде кой кайтарып жүргөн Итаалыга жолугат да, аны менен үйүнө барат. Итаалынын аялы абдан сулуу болот. Дөбөт иттин буйругу менен козу союлуп, Жайнакты эт менен конок кылышат. Бирок бышырылган эттен өздөрү жешпейт. Эртесинде Жайнакка көйнөк, өтүк кийгизип узатмак болушат. Бирок Жайнак кеткиси келбейт, анын беш-алты күн туруп кетейин деген өтүнүчүнө макул болушат. Жайнакты күнүнө бир үйү чакырып, козу союп, конок кылышат. Жайнак бир-эки жыл силерге кызмат кылып, кой кайтарып берейин деп суранат. Анын бул өтүнүчүнө дөбөт ит көпкө чейин кыйылып туруп: «Адамга жакшылык кылып баксаң, курсагы тойгондо кайра жамандык кылат», - деп каңкуулайт.

Ошентип, дөбөт иттин макулдугу менен Жайнак калып калат. Бир күнү көп иттер келип, баягы козу сойгон келин экөөнү эки жоргого мингизип, түштүк тарапты көздөй ээрчитип жөнөшөт. Эртесинде ак ордо үйгө келишет. Ал ордонун төрүндө көп тайгандар тегеректеген чоң жолборс түрүндөгү бир чоң дөбөт ит болот. Ал Итаалылардын башчысы экен. Жайнак анын аялынын сулуулугун көрүп, эстен танат. Суу сээп жатып, араң эс алдырышат. Ал зор дөбөт көк чүпүрөккө мөөр басып берет да, эми баргын деп уруксат кылат. Үч жылдан кийин баягы келин: «Адам уулун издеп таап алгын», - деп, Жайнакка ат мингизип, түндүк тарапка жөнөтөт. Ошол Итаалыдан келе жатып, жалгыз көздүү дөөгө жолугуп, анын туткунунда алты жарым жыл жаткан экен.

Итаалылар тууралуу «Манас» эпосунун «Көкөтөйдүн ашы» бөлүгүндө да Көкөтөйдүн керээзинде, жайма көкүл жаш Айдарды аш тууралуу кабар бердиргенде эскертилип кетерин белгилей кетүү жөндүү. Мисалы:

Желпиниш деген жери бар,
Жетимиш урук эли бар,
Араптын журту чөлдө бар,
Аяттын журту көлдө бар,
Эргежээли, итаалы,
Катыны адам, эркеги ит,
Кабарын уктум мен аны,
Аларга кабар салбасын,
Зор мээнетке койбосун

Кара кыргыз баласын [5, 14-б.].

Итаалы жөнүндөгү легенданы дүйнө элдеринин көпчүлүгүнүн оозеки чыгармачылыгынан кезиктирүүгө болот. Бөтөнчө, Борбордук Азия, Индия, Алдыңкы Азиянын элдеринде Итаалыга байланыштуу легенда-уламыштар кеңири таралганын изилдөөлөр көрсөтөт. Изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча, Итаалыга байланыштуу легенда алгач Индияда пайда болгон жана андан кийин ар кандай жолдор менен дүйнөнүн башка элдерине тараган. Бул түшүнүктүн Инд океанындагы Андаман (Ангаман) аралдарына байланыштуу эң байыркы түшүнүктөрдөн келип чыккандыгын айтышат. Андаман байыркы мифологиялык кудай Гандумандын аты менен байланышкан. Биздин замандын II кылымында Птолемей бул аралдарды «Агату Даймонос» («Ибилистин жаны» - «душа Демона») деп белгилеген [7, 26-б.].

Изилдөөчү К. Адиевдин эмгегинде көрсөтүлгөндөй, советтик этнограф З. П. Соколованын изилдөөсү боюнча Сибирдеги майда элдерде да Итаалы жөнүндөгү легенданын эң архаикалык формалары болгондугун көрөбүз. Анын жазгандарына караганда, айн эли өздөрүн Жердеги алгачкы аял менен иттен тараганбыз деп эсептешет. Буряттардын топторунун биринде түндүк-чыгышта «иттер падышалыгы» бар экендиги, алардын эркектери – иттер, аялдары – адамдар болгондугу жана алардан ит-уулдар төрөлгөндүгү тууралуу аңыздар бар [1, 82-б.].

Фольклорист Г. Н. Потанин «Нохой Эртени» (Ит баштуу адамдар) жөнүндөгү уламыштарды бурят дөрбөттөрүнөн да кездештирген. Алардын айтуусунда, ит баштуу адамдардын аялдары супсулуу болуп, бирок сөөк менен тамактанышат имиш.

Монголдордун «Ганганын агымы» аттуу летописинде Чыңгыз хан башка элдер, уруулар менен катар эле өзү адамдай, башы иттикиндей түспөлдөгү элди жеңгендиги тууралуу да кеңири маалымат берилген.

Орто кылымдардагы европалык саякатчылар Марко Поло менен Плано Карпини жазып кеткен маалыматтарга караганда, Азия элдеринде башы иттикиндей, өздөрү адам түспөлүндөгү эл тууралуу эскерилет. Алардын жалпы кебетеси адам түспөлүндө болгону менен, бет түзүлүшү иттикиндей, бутунун башы өгүздүн туягы сыяктуу. Бул эл сүйлөшкөндө эки ооз сөздү адамча сүйлөйт да, арасында итче үрөт экен. Ошентип, өздөрүнүн оюн адамча да, итче да аралаштырып түшүндүрөт имиш.

Буга окшогон көрүнүштү Египет мифологиясынан да учуратууга болот. Анда ал Анубис деп аталып, мифология боюнча мумификациялоо-бальзамдоонун, өлүмдүн жана тиги дүйнөнүн кудайы, уулар менен дарылардын сактоочусу катарында берилет. Ал жапайы ит баштуу адамдын Саб же кара түстөгү чөө баштуу адамдын образында сүрөттөлөт. Анубистин эки жүзү – бири түндөй капкара, экинчиси – күндөй жарык – тууралуу да айтылат [Мифы народов мира, 1980: 89]. Ошондой эле ит баштуу адамдар жөнүндө легенда Аравияда да айтылары маалым.

А. Фирдоусинин атактуу «Шахнамесинде» сегоар (итбашы) жөнүндө, тагыраак, Сегсаран (итбашы өлкөсү) же Кергсаран (жорубаш, кажырбаш өлкөсү) деген жерлердин аты эскерилет. Дастан боюнча Сергсаран, Кергсаран өлкөсү Мазендеран менен бирге дөө-перилердин өлкөсү катары түшүндүрүлөт. Бул жомоктук өлкө элдик түшүнүк боюнча Ирандын түндүк тарабындагы Мазендаран тоо кыркасында деп белгиленет.

Африкалыктардын мифологиясында, легендаларында тулкусу адам, башы иттики (карышкырдыкы) болгон мифтик жандык дабу деп, италиялыктардын фольклорунда паваро деп, латыш мифологиясында сумпурни деп, литва миф-легендаларында шунгалвис деп, Жаңы Зеландиядагы жергиликтүү эл болгон маорилердин миф-

легендаларында копувай деп аталган. Ал эми мифологияда, жалпысынан, ит баштуу адамдар кинокефалдар деп аталат.

Итаалы жөнүндөгү легендалар биз жогоруда мисал келтирген элдерде гана учурабайт. Алардын тараган географиялык чөйрөсү өтө кеңири жана версиялары көп. Мына ошолордун ичинен «Манас» эпосундагы версияга жакыны – алтайлыктардан жазып алынган Итаалы жөнүндөгү легенда. Бул легенда боюнча Итаалы монгол термини менен «Нохой артыны» (ит адамдар) деп аталат. Анда «ит адамдардын» аялдары өтө сулуу жана кадимки адам кебетесинде болушса, эркектери гана ит баштуу болушат деп берилет. Мындагы негизги окшоштук – итаалынын эркектеринин гана кебетеси ит түспөлүндө, ал эми аялдары адам кебетесинде жана сулуу болушу.

Демек, «Манас» эпосундагы Итаалынын жана анын аялдарынын образдары жогорудагы легенда боюнча айтылган образдарга шайкеш келет. Мындан Итаалы жөнүндөгү сюжет «Манаска» алтай легендаларынан түздөн-түз келип кирген деген түшүнүк жаралбоого тийиш. Анткени Итаалы жөнүндөгү легендалар Түштүк Сибирь менен Борбордук Азиянын элдеринде айтылып келген, анын ичинде кыргыздарда да өзүнчө версия катары айтылып жүргөн болуу керек. Ошондуктан эпостогу Итаалынын образы жана ал жөнүндөгү окуя кыргыз элинин өзүндө эле айтылып келе жаткан мифтик легенданын негизинде түзүлгөн деп айтууга болот.

**Адабияттар:**

1. Адиев К. “Манас” эпосу: жомоктук-мифологиялык сюжеттер жана образдар [Текст] / К. Адиев. - Бишкек: “Камилла Принт”, 2016.
2. Айтматов Ч. Байыркы кыргыз рухунун туу чокусу. Китепте: Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча 1-китеп [Текст]. - Фрунзе: Кыргызстан, 1979.
3. Жирмунский, В. М. Тюркский героический эпос. Избранные труды [Текст] / В. М. Жирмунский. - М. АН СССР, 1974.
4. Жирмунский, В. М. Введение в изучение эпоса «Манас». Китепте: Энциклопедический феномен эпоса «Манас» [Текст] / В. М. Жирмунский. - Бишкек, 1995.
5. Манас. Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча. III китеп [Текст] / С. Орозбаков. - Фрунзе: Кыргызстан, 1981.
6. Мифы народов мира. Т.1. [Текст]. - М.: Советская энциклопедия, 1980.
7. Немировский, Л. И. Мифы и легенды древнего Востока [Текст] / Л. И. Немировский. - М.: Просвещение, 1994.